**Кыргыз Республикасы**
ИЧКИ ИШТЕР
МИНИСТРЛИГИ
**ТЕРГӨӨ КЫЗМАТЫ**

**Кыргызская Республика**

МИНИСТЕРСТВО
ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
**СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА**

720011, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 469

720011, г. Бишкек, ул. Фрунзе 469

№ 3/ 5521 от 26 11 2020 жыл

**Кыргыз Республикасынын**
**Шайлоо жана референдум өткөрүү**
**боюнча борбордук комиссиянын**
**төрайымы Н.К.Шайлдабековага**

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 09-08/3496
26 11 2020 ж/г

**Урматтуу Нуржан Кармабековна,**

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Тергөө кызматы Сизге маалымат иреетинде төмөнкүлөрдү билдирет:

**1.** 2020-жылдын 18-ноябрь күнү “Ош-Бишкек” автоунаа жолунда “Таза коом, карызы жок Кыргызстан!” деген жазуусу бар жана Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер С.Н.Жапаровдун сүрөтү бар баннердин илинип турганы видео тасмага тартылып, Кыргыз Республикасынын БШКсы тарабынан чара көрүлүүсү тууралу сөздөр айтылган тасма социалдык тармактарында тараган.

2020-жылдын 19-ноябрь күнү Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер С.Н.Жапаровдун, “FaceBook” социалдык тармагындагы жеке баракчасында, тартылган видео жана илинген баннер бул саясий оппоненттеринин провокациясы жана буга карата чара көрүлүшү керектиги боюнча пост жарыяланган.

Жүргүзүлгөн иш-чаралардын негизинде аталган баннер Ош облусунун, Өзгөн районунун, Кароол айыл аймагынын, Кароол айылындагы “Ош-Бишкек” автоунаа жолунда жайгашкан "Кароол коомуна" тиешелүү болгон жарнамалык щитке Өзгөн районунун, Кароол айылынын тургуну, 1957-ж.т., Вахапов Раимберди Чалабаевич өзүнүн жеке каражатына баннер чыгарып илип койгону аныкталган.

2020-жылдын 19-ноябрь күнү Кароол айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан аталган баннер чечилип алынып, бул окуя боюнча аталган жарандын аракетине мыйзамдуу баа берүү үчүн Өзгөн РИИБнын МЭЖне 02-047-2020-002472 саны менен катталып, 2020-жылдын 23-ноябрь күнү 8/5545 чыгыш саны менен чогултулган материалдар, Кыргыз Республикасынын бузуулар кодексинин 44-берененин негизинде чара көрүү үчүн караштуулугу боюнча Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясына жиберилген.

**2.** 2020-жылдын 19-ноябрь күнү “Инстаграмм” социалдык тармагынын “Кактус-Медиа” баракчасында көк түстөгү “Хюндай-Портер” үлгүсүндөгү, мамлекеттик белгиси О 92 89 А болгон автоунаада белгисиз атуулдар Кыргыз

Внесено в реестр

Республикасынын Президентине талапкер С.Н.Жапаровтун атынан азык-түлүктөр таратышып жаткандыгы боюнча тасма тараган.

Бул жагдай боюнча жогорудагы тараган видеодогу "Хюндай-Портер" үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси О 92 89 А болгон автоунаа Ноокат районунун, Н.Исанов айыл аймагынын, Чеч-Дөбө айылынын тургуну, 1983-ж.т., Шерматов Замирбек Маматовичке тиешелүү экендиги тастыкталган.

2020-жылдын 21-ноябрь күнү бул факты боюнча Бишкек ШИИББнын КЖБРне Кыргыз Республикасынын ЖКнын 192-беренеси (*шайлоочулардын добуштарын сатып алуу*) менен 03-051-2020-002406 санында катталып, сотко чейинки өндүрүш иши ачылган.

2020-жылдын 26-ноябрь күнү тергөөнүн жыйынтыгы менен 03-051-2020-002406 сандуу сотко чейинки өндүрүш иши, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 26-бер. 1-бөл. 2-п. (*кылмыштын жана жоруктун белгилери болбогондо*) талаптарынын негизинде өндүрүштөн кыскартылган.

Ошондой эле жогорудагы көрсөтүлгөн жагдайлар боюнча, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер С.Н.Жапаровдун шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, жаран Мощин Александр Сергеевичтин келип түшкөн арызы, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Тергөө кызматы тарабынан каралып чыгып, кабыл алынган чечим туралуу ага кабарланды.

Ал эми, 2020-жылдын 19-ноябрь күнү "Кактус-Медиа" социалдык тармагында Кыргыз Республикасынын Президентине талапкер А.К.Мадумаров, Россия Федерациясында мигранттар менен жолугушуп, агитация иштерин уюштуруп жаткандыгы туралуу жарыяланган макала боюнча, Кыргыз Республикасынын бузуулар кодексинин 44-беренесинин негизинде чара көрүү жагы Сиздерге караштуу экендигин билдиребиз.

**Урматтоо менен,**

**Начальник**
**милициянын полковниги** **С.Айткурманов**

атк. Ашырбеков Э.
Тергөө кызматы
0 312 26-61-49